# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ноталары

*(2012-жылдын октябрь айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана алрды жайгаштыруу**




Октябрь айында өткөрүлгөн беш Улуттук банктын ноталар аукционунда жалпы алганда 2,4 млрд. сом суммага баалуу кагаздар жайгаштырылган, бул өткөн айдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 33,3 пайызга жогору. Мында, кароого алынган ай ичинде чогуу алгандагы суроо-талап көлөмү суроо-талаптын орточо аукциондук көлөмүнүн көбөйүүсүнөн улам, сентябрь айындагы 557,9 млн. сомго каршы келген 1142,2 млн. сом өлчөмүндө түптөлгөн. Сентябрь айындагыдай эле, сатуунун бардык көлөмүн жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталар түзгөн, алардын көпчүлүгү сатуу түзүмүндө 85,5 пайыз чегинде жалпы үлүшү менен үч коммерциялык банктар тарабынан сатылып алынган. Натыйжада, октябрь айында сатуунун орточо аукциондук көлөмү[1] өткөн айга караганда 5,9 пайызга жогорулоо менен 470,0 млн. сомду түзгөн. Кароого алынган мезгил ичинде ноталарга суроо-талап көлөмү эмитенттер жүргүзгөн аукциондордун көпчүлүгүндө сунуш көлөмүнөн артып, алар Улуттук банк тарабынан акча-кредит саясатын жүргүзүү максаттарына ылайык, июль айынын акыркы декадасынан бир аукцион үчүн 450,0 млн. сомго чейин төмөндөгөн.

Жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү менен гана сунушталган Улуттук банктын жалпы орточо алынган кирешелүүлүгү октябрь айында 0,4 пайыздык пунктка төмөндөө менен 3,8 пайызды түзгөн.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




[1] Бул көрсөткүч ай ичинде жалпы суроо-талап/сунуштун ордуна пайдаланылат, анткени ай ичиндеги аукциондордун саны туруксуз көлөмдө болот.

Кароого алынган мезгил ичинде жүгүртүүдөгү ноталар көлөмү 1,3 пайызга төмөндөп, 1,8 млрд. сом деңгээлинде түптөлгөн. Улуттук банктын ноталарынын негизги ээлеринен болушкан коммерциялык банктардын үлүшү 4,9 пайыздык пунктка, 88,9 пайызга чейин жогорулаган, бул юридикалык жак-резиденттердин бир учурда 12,3 пайыздан 7,7 пайызга чейин жана институционалдык инвесторлордун портфелинин салыштырма салмагынын 3,5 пайыздан 3,2 пайызга чейин төмөндөшүнүн алкагында жүргөн. Жеке адамдар-резиденттердин салыштырма салмагы мурдагы 0,1 пайыз деңгээлде сакталып калган.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.11.2011 | 1 738,2 | 1 345,4 | 77,4% | 42,7 | 2,5% | 0,1 | 0,0% | 350,0 | 20,1% |
| 01.12.2011 | 1 732,4 | 1 215,8 | 70,2% | 49,6 | 2,9% | - | 0,0% | 467,0 | 27,0% |
| 01.01.2012 | 1 366,4 | 1 065,3 | 78,0% | 19,4 | 1,4% | 0,2 | 0,0% | 281,5 | 20,6% |
| 01.02.2012 | 2 209,5 | 1 666,1 | 75,4% | 88,0 | 4,0% | 10,3 | 0,5% | 445,1 | 20,1% |
| 01.03.2012 | 2 313,0 | 1 527,6 | 66,0% | 162,9 | 7,0% | 1,1 | 0,0% | 621,5 | 26,9% |
| 01.04.2012 | 2 113,8 | 1 507,0 | 71,3% | 237,3 | 11,2% | 2,4 | 0,1% | 367,1 | 17,4% |
| 01.05.2012 | 2 072,4 | 1 424,6 | 68,7% | 224,5 | 10,8% | 2,3 | 0,1% | 421,0 | 20,3% |
| 01.06.2012 | 2 196,2 | 1 471,2 | 67,0% | 129,2 | 5,9% | 4,8 | 0,2% | 591,0 | 26,9% |
| 01.07.2012 | 2 063,9 | 1 477,8 | 71,6% | 341,7 | 16,6% | - | 0,0% | 244,3 | 11,8% |
| 01.08.2012 | 1 950,0 | 1 646,8 | 84,5% | 171,5 | 8,8% | 2,0 | 0,1% | 129,7 | 6,7% |
| 01.09.2012 | 1 494,4 | 780,3 | 52,2% | 588,9 | 39,4% | 2,0 | 0,1% | 123,2 | 8,2% |
| 01.10.2012 | 1 775,4 | 1 492,2 | 84,0% | 218,4 | 12,3% | 2,0 | 0,1% | 62,8 | 3,5% |
| 01.11.2012 | 1 900,0 | 1 689,7 | 88,9% | 146,1 | 7,7% | 1,3 | 0,1% | 62,9 | 3,3% |